УДК: 94:947: 1/575 0845

*Алымбеков К. А., филос. и. к., доцент*
*Муканбетова Р. Б., т. и. к., доцент*
*К. Тыныстанов ат. ЫМУ*

## УЛУТ ЛИДЕРИ – ЖУСУП АБДРАХМАНОВ

*Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн түптөлүшүнө Жусуп Абдрахмановдун кошкон салымы абдан чоң. Ал манаптын үй-бүлөсүндө туулган. Адегенде Сазановка айлындагы орус-тузем мектебинде, кийин Караколдогу шаардык жогорку башталгыч окуу жайында билим алган. 1916-ж. көтөрүлүштө эл менен кошо Кытайга качып, жолдо атасынан, бир туугандарынан айрылган. Кытайдан 1917-ж. кайтып келип, Каракол гарнизонундагы офицерлерде ат багар болуп иштеген. Орус тилин жакшы билгендиктен, полковник Бычков деген Жусупту Верныйга өзү менен кошо ала кетет. Ал Верныйда комсомол уюму уюштурулганга чейин Кызыл Социалисттик Жаштардын шаардык кеңешинин составына кирген. Жусуп 1920-ж. РКСМдын Москвадагы белгилүү III сьездинин делегаты болгон. Кыргызстандын өз алдынча мамлекет болуп түзүлүшүнө көп аракеттерди жасаган. Үркүндөн кийин кыргыз элин экинчи жолу кырылып, жок болуп кетүү коркунучунан сактап калган. 1938-ж. 4-ноябрда СССР Жогорку Сотунун аскер коллегиясынын атынан коюлган антисоветтик чыккынчылык уюмга таандык экендиги тууралу өкүм угузулуп, өлүм жазасына тартылган. 1988-жылы 29-декабрда реабилитацияланган.*

***Өзөктүү сөздөр:*** *Жусуп Абдрахманов**,** Каракол, Совет бийлиги, Верный, Жети-Суу, Түркстан бюросу, “Кошчу” союзу, Кара Кыргыз автономиялуу областы.*

*Алымбеков К. А., к филос. н., доцент*
*Муканбетова Р. Б., к.и.н., доцент*
*ИГУ им. К. Тыныстанова*

## ЛИДЕР НАЦИИ - ДЖУСУП АБДРАХМАНОВ

*В становление кыргызской государственности значительный вклад внес Джусуп Абдрахманов. Он родился в семье манапа. Вначале, он учился в русско-туземной школе в селе Сазановка, а затем продолжил обучение в городской начальной школе Каракола. Во время восстания 1916 года, он, как и многие другие люди, ушел в Китай, и там у него погибли отец и братья. По возвращении в 1917г. из Китая работал конюхом у офицеров Каракольского гарнизона. Полковник Бычков, видя, что Джусуп хорошо знает русский язык, берет его с собой в г. Верный. В Верном он входит в состав Совета Красной Социалистической Молодежи предвестницей комсомола. Джусуп являлся делегатом знаменитого III съезда РКСМ, который проходил в 1920 году в Москве. Он приложил много усилий в процесс становления государственности Кыргызстана. Джусуп Абдрахманов сделал все возможное, чтобы кыргызский народ не пострадал вторично, как это произошло после похода в Китай в 1916 году. По приговору военной коллегии Верховного Суда СССР 4 ноября 1938 года за принадлежность к антисоветской организации, измене Родине Дж. Абдрахманов был приговорен к смертной казни. 29 декабря 1988 года Джусуп Абдрахманов был реабилитирован.*

***Ключевые слова:*** *Джусуп Абдрахманов, г. Каракол, Советская власть, г. Верный, г. Семиречье, Туркестанское бюро, союз «Кошчу», Кара Кыргызская автономная область.*

*Alymbekov K. A., Phd in Philosophy, Associate Professor*
*Mukanbetova R. B., Phd in History, Associate Professor*
*K.Tynystanov ISU*

## LEADER OF THE NATION - JUSUP ABDRAKHMANOV

*Jusup Abdrakhmanov made a significant contribution to the formation of the Kyrgyz statehood. He was born in the rich family. Initially, he studied at the Russian-native school in the village of Sazanovka, and then continued his studies at the city primary school of Karakol. During the 1916 uprising, he, like many other people, made an exodus to China, and his father and brothers died there. Upon his return in 1917 from China he worked as a groom for the officers of the Karakol garrison. Colonel Bychkov, seeing that Jusup knows Russian well, takes him with him to Verny. In Verny, he is a member of the council of the Red Socialist Youth, the harbinger of the Komsomol. Jusup was a delegate to the famous III Congress of the RKSM, which was held in 1920 in Moscow. He put a lot of effort into the process of establishing the statehood of Kyrgyzstan. Jusup Abdrakhmanov made a lot of efforts so that the Kyrgyz people did not suffer a second time, as happened after the exodus to China in 1916. By the verdict of the military collegium of the Supreme Court of the USSR on November 4, 1938 for belonging to an anti-Soviet organization, treason to the Motherland, J. Abdrakhmanov was sentenced to death. On December 29, 1988, Jusup Abdrakhmanov was rehabilitated.*

***Key words:*** *Jusup Abdrakhmanov, Karakol, Soviet power, Verny, Semirechye, Turkestan Bureau, Koschu Union, Kara Kyrgyz Autonomous Region.*

Кыргыз улуттук мамлекетинин калыптанышына зор салым кошкон, өткөн кылымдын 20-30-жылдарындагы белгилүү мамлекеттик жана саясий ишмер Жусуп Абдрахманов быйыл 120 жашка толот. Ал 1901-ж. 28-декабрда Ысык-Көл өрөөнүндөгү Күнгөй Ак-Суу болушуна караштуу Чиркей айлында манаптын үй-бүлөсүндө туулган [5]. Сазановка (Ысык-Көл районундагы азыркы Ананьево) айлындагы 3 жылдык орус-тузем мектебин бүткөндөн кийин [4: 7], 1914-ж. Караколдогу шаардык жогорку башталгыч окуу жайында окуусун уланткан. Бирок 1916-ж. көтөрүлүшкө байланыштуу окуусун бүтпөй калган. Эл менен кошо Кытайга качып, жолдо ата-энесинен, жакын туугандарынан (бардыгы 7 киши) ажырайт. Кытайдан 1917-ж. кайтып келип, Каракол гарнизонундагы офицерлерде ат багар болуп иштеген. Орус тилин мыкты билгендиги, тирикарак зиректиги менен полковник Бычковдун назарына түшүп, ал Жусупту Верныйга өзү менен кошо ала кетет [1: 117]. Совет бийлиги орногондон кийин (1918-ж. март) Морозовдун гвардиялык отрядына өтөт. Андан кийин эскадрондун командиринин жардамчысы болуп, Жети-Суу фронтунда Мамонтов-Кихтенконун ак казактар отрядына каршы уруштарга катышат. 1919-ж. башында Верныйдагы атайын командалык мектепке жиберилип, жаңыдан партияга кабыл алынып, гарнизондун райкомунун мүчөсү болгон кезде ооруп калат да, армиядан бошонууга аргасыз болот. Жусуп Верныйда комсомол уюму уюштурулганга чейин Кызыл Социалисттик Жаштардын шаардык кеңешинин составына кирген. 1919-ж. РКСМдын Түркстан бюросунун Президиумунун мүчөлүгүнө жана РКСМдын Жети-Суу областтык уюштуруу бюросунун мүчөлүгүнө шайланат [4: 8]. Жусуптун активдүү катышуусу менен жаңыдан эле түзүлгөн комсомолдун Жети-Суу областтык уюмунан ал 1920-жылы Түркстан РКСМынын биринчи съездине делегат болуп шайланат. Он тогуз жаштагы коммунист Ж. Абдрахманов бул съездден кийин комсомолдун Жети-Суу обкомунун аткаруу бюросунун мүчөлүгүнө жана «Жергиликтүү жаштардын арасында

иш боюнча» комиссиянын төрагалыгына, ошондой эле партиянын обкомуна комсомолдун өкүлү болуп шайланат. Мунун баары – Ж. Абдрахмановдун Жети-Суу областында, анын ичинде биздин республикада жаштар кыймылын уюштуруучулардын башында турганынын бир далили, себеби ал мезгилде Түндүк Кыргызстан Жети-Суу областынын составында болчу.

Жусуп 1920-ж. РКСМдын Москвадагы белгилүү III съездинин делегаты болгон [1: 118]. Бул боюнча 1930-ж. улуттук кадрларды мамлекеттик аппаратка тартуу боюнча маселени талкуулоо учурунда Кыргыз обкомпартиясынын 6-конференциясында төмөнкүдөй сүйлөгөн: «Тагдырдын буйругу менен съездде мен Президиумга шайланып калдым. Өзүнүн доклады бүткөндөн кийин тыныгууда Владимир Ильич күтүүсүздөн мага кайрылып, кайсыл жерден экенимди сурап калды. Мен жооп бердим, бирок алдастай түшкөнүмдү жашырбайм. Ал убакта мен Лениндин эмгектерин окуй элек элем. Берген суроосу: «Силерде орус калкы канча пайызды түзөт?». Мен: «5 пайыздын тегерегинде». Ал: «Калгандары кимдер?», мен: «Казактар менен кыргыздар», «Канча пайыз эл сабаттуу?», «Эки пайыздын тегерегинде», «Калгандары эмне сабатсызбы? Силердин аппарат, советтик аппарат кайсыл тилде иштейт?”, Мен «Орус тилде», - деп жооп бердим. Владимир Ильичтин өңү өзгөрүлө түшүп минтип айтты: «Жолдоштор, силер социалисттик революциянын астында кылмыш кылып жатасыңар. Калктын көпчүлүгүн түзгөн элге аппарат бөлөк тилде иштесе, көпчүлүк калк үчүн аппарат түшүнүксүз болсо, көпчүлүк калктын күндөлүк маселелерин аппарат кунт коюп уга албаса, масса менен аппараттын байланышы болбосо, андай аппарат масса менен байланышта боло албайт…Ошондуктан силердин милдет окуу, окуу жана ушундай иштеш керек, жакынкы мезгилде силердин советтик аппарат крайдын көпчүлүк элине жакын болушу зарыл» [4: 8-9]. Мына андан бери туура 10 жыл өттү. Бирок иш өтө жай жүрүп жатат”. Жусуптун бул сөзү бүгүнкү күндө да актуалдуу бойдон калууда.

20-жылдардын башында Жусуп Түркстан компартиясынын Алматы уезддик-шаардык комитетинин жооптуу катчысы, партиянын Капал, Талды-Коргон уезддик-шаардык комитеттеринин жооптуу катчысы кызматтарында иштеген. 1921-ж. Пишпек уезддик-шаардык комитетинин уюштуруу бөлүмүнүн башчысы, анан Каракол уезддик-шаардык комитетинин жооптуу катчысы жана уезддеги «Кошчу» союзунун президиумунун мүчөсү болгон.

Эми биз Ж. Абдрахмановдун бул кызматтарда эмне иш жасаганын майдалабай, кыргыз эли үчүн жасаган көрүнүктүү иштерине өтөлү. Ушул кызматтарда иштеп жүргөн мезгилинде Кыргызстандын өз алдынча мамлекет болуп түзүлүшүнө көп аракеттерди жасаган. 1920-ж. августа Кыргыз АССРи (Казак деп түшүнүңүз) түзүлүп, жаңы түзүлгөн мамлекеттик түзүлүшкө бардык казак жерлерин бириктирүү башталган Олуя-Ата уездинин (1921-ж. январь) казак эмгекчилеринин съездинин чечимине негиздешип, Түркстан АССРинен Жети-Суу, Сыр-Дарыя областтарын бөлүп, Кыргыз АССРине кошууну борбордон талап кылышкан. Эгерде маселе ушундай чечилсе, азыркы Ысык-Көл, Нарын, Чүй, Талас областтары Казакстандын курамына кирмек. Р. Худайкулов баштаган топ түндүк уезддер Казакстандын курамына автономия катары киришине аракет кылышкан [5]. Бул келечекте Кыргызстан деген мамлекет болбойт дегенди билдирген. Мына ушундай коркунучту Абдыкерим Сыдыков менен бирге Жусуп Абдрахманов жакшы түшүнгөн. Булар аталган областтарда жашаган кыргыздарды бир мамлекетчеге бириктирип, РСФСРдын составына кошулууну көздөшкөн. Мындай демилге менен 1922-жылдын жаз айларында Москванын макулдугун алганга жетишип, уюштуруу съездин чакыруу боюнча атайын комитет түзүлгөн. Анын башында А. Сыдыков менен Ж. Абдрахманов турган. Съезд өз ишин 1-

июнда баштап, анда Тоолуу-Кыргыз областы түзүлгөнүн жарыялайт. Съезддин чечимин Москвага билдирип, алардан жооп күткөн. Бирок жеңилип калган Р. Худайкулов тарап жөн жатпай, каралоо иретинде “бай-манаптардан турган улутчул топ жаңы түзүлүшкө каршы Тоолуу область түзүшкөнүн, алар Союздун карамагынан чыгууну көздөп жатышканын” жалаа кылып, борборго каттарды жаадырышкан. Натыйжада, Москвадан тескери жооп келип, Тоолуу-Кыргыз областы түзүлбөй калган. Ошентип, жарым-жартылай болсо да өз алдынча мамлекет түптөйбүз дегендердин тилеги ишке ашпай калды. Анткен менен алардын кыргыз мамлекетин түзөмүн деген аракети тарыхта өчпөс болуп жазылып калды.

Ушундан көп өтпөй эле Жусуп обкомдон которулат. Түркстан Компартиясынын 7-съезди КПТ БКнын мүчөлүгүнө кандидат кылып шайлайт. 1924-ж. мартта ТүркБАКтын жооптуу катчысы, ошондой эле Түрк БАКтын Президиумунун мүчөсү болот.

1924-ж. 14-октябрда Түркстан АССРин өз алдынча улуттук мамлекеттерге бөлүү боюнча чечим чыгат. Бул чечимге ылайык, Кара-Кыргыз автономиялуу областы түзүлүп, ал РСФСРдин составына киргизилген. Ноябрда Ж. Абдрахманов Облпартбюронун экинчи катчылыгына дайындалат. Бирок жергиликтүү шартты билбеген 1-катчы менен иштеше алган эмес [1: 118]. Өзгөчө, кадр саясатында өз демилгеси менен,  биринчи менен макулдашпай өз алдынча чечимдерди кабыл алган. Бул тирешүү, албетте, Жусуптун пайдасына чечилген эмес. 1925-ж. 27-30-мартта өткөн биринчи областтык партиялык конференцияда Ж. Абрахманов буга чейинки иш тажырыйбасына карабастан бир дагы кызматка көргөзүлгөн эмес, жумушсуз калган. 1925-ж. апрелде РКП (б) БКнын Орто Азия бюросунун демилгеси менен Ташкентте уюштуруу бөлүмүнүн башчысынын орун басарлыгына чакырылат, ал эми августта Москвадагы РКП (б)БКда 1926-ж. апрелине чейин инструктор болуп иштейт. 1925-ж. 5-майда Сталинге жазган жашыруун катында Ж. Абдрахманов областта түзүлгөн кырдаалды кеңири баяндап, андан чыгуунун жолдорун билдирген. Ал өзүнүн кызматтан четтетилгенине кайгырбаганын, өлкөнүн келечегине күйгөнүн баса белгилейт. Жаатташкан тарапты пайдалануу менен Д. Каменскийдин (партиянын Кыргыз обкомунун 1-катчысы) өлкө биримдигине доо кетирип жатканын, кыргыз элинин тарыхын, менталитетин түшүнбөстүгүн белгилеген. Кыргызстандын жетекчилери жергиликтүү элден даярдалып, бийликке көбүрөөк тартылмайынча, областтык аппаратта иштегендерди кыргыздаштырмайынча, совет бийлигинин кадыр-баркы төмөндөрүн ачык жазган. Жогорку окуу жайларда окуган бир да кыргыз жоктугун, алардын ордуна казактар кыргыздар деп окутулуп келгенин көргөзгөн. Жусуптун бул катына эч кандай жооп болгон эмес.

Мына ушул каттан бир айдан соң, 12-июнда А. Сыдыков, А. Орозбеков, И. Арабаев башында турган көрүнүктүү 30 адам Д. Каменскийдин иш ыкмаларына наарazычылык билдирген катын Москвага жолдошкон. Бирок катка оң жооп келмек турсун, бул катка кол койгондор жазаланып, айрымдары бийликтен четтетилген. 1926-жылдын аягында Жусуп Кыргызстанга кайтат. Бул мезгилде республикада абал турукташып, «отузчуларды» куугунтуктоо токтоп, Д. Каменский кызматынан бошоп, обкомдун 1-катчылыгына Н. А. Узюков дайындалат. Адегенде ал Кыргыз АССРинин Борбордук Аткаруу комитетинин төрагасынын орун басарлыгына дайындалып, 1927-ж. март айынан тарта Республиканын Эл Комиссарлар Советинин төрагасына дайындалат. Н. А. Узюков Жусупту «кырдаалды өз алдынча баамдай билүүчү, баалуу, маданияттуу кызматкер» деп мүнөздөгөн. Ал өкмөт башына келгенде 26 жашка толо элек эле. Өлкө өтө татаал учурду башынан кечирип жаткан учурда ушундай өтө жооптуу жогорку

мамлекеттик кызматты аркалаган. Ар бир кыймыл-аракетиң, сүйлөгөн сөзүң Москва, Ташкент тарабынан катуу көзөмөлгө алынып турган көз каранды жашоодо өкмөт башчысынын абалын элестетип көрүңүздөр. Эски түзүлүштөн жаңы коомго өтүү өтө татаал, муну бүгүн биз өз көзүбүз менен көрүүдөбүз. Ал эми өткөн кылымдын 20-30-жылдарын элестетип көрүңүздөр. Туташ сабатсыздык, билимсиздик, кадрдык жетишпестик, жер-жерлерде уруулук бөлүнүш, таптык тирешүү. Түштүктөгү басмачылык бир жактан, экинчи жактан, борбордун катуу көзөмөлү, акимчил буйругу, анысы аз келгенсип, кыргыз элитасынын жаатташуусу, бири бирин каралап Москвага кат жазышы ж.б. Мына ушундай шартта иштеген жаш Ж. Абдрахманов улуттун лидери катары өзүн татыктуу көргөзө алды.

Жогоруда биз кыргыз элинин өз алдынча мамлекет болуусу үчүн А. Сыдыков, Ж. Абдрахманов ж.б. күрөшүнүн натыйжасында ККАО, КАО, КАССР түзүлгөнүн үстүртөн баяндадык. Бирок Ж. Абрахманов муну менен токтоп калган эмес. РСФСРдин составына кирген Кыргыз АССРи үч субъектиге баш ийип, өз алдынча чарба жүргүзүү, экономикага, маданиятка саясатка байланыштуу маселелерди чечүүдө көптөгөн тоскоолдуктарга дуушар болгон. Мына ушуларды чечүүдө ал жалгыз күрөшкөн күндөр болгон. Ал тууралуу 1931-ж.15-майда күндөлүгүнө: «…бюро мүчөлөрүн ынандырууга аракет кылам. Андан майнап чыкпаса, Ташкент менен, керек болсо Москва менен жалгыз салгылашканга туура келет. Республика үчүн өтө аянычтуу, анткени анын кызыкчылыгы, айныксыз укугу үчүн акыр аягына чейин күрөшкөнгө жөндөмдүү адамдар жок», - деп жазат. Мындай татаалдыктарды чечип бериш үчүн Сталинге эки жолу кат аркылуу кайрылган. Каттарынын биринде: «Конституциялык-укуктук көз караштан биз РСФСРдин составдык бөлүгү болуп эсептелебиз. Бул маданий чарбалык өнүгүшүбүздөгү бардык маселелерди чечүүдө РСФСРдин өкмөтү, анын органдары менен өз ара мамилелерибизди аныктоого тийиш сыяктанган эле. Бирок Кыргыз АССРи өзүнүн экономикалык мүнөзү жана географиялык абалы боюнча экономикалык бирдиктин - Орто Азиянын ажыралгыс бөлүгү болуп эсептеле тургандыгынын кырдаалы иш жүзүндө үч илтик «баш ийүүнүн», бир жагынан, РСФСР дын өкмөтүнө, экинчи жагынан, Орто Азиянын органдарына ВКП(б) БКнын Орто Азия бюросу, Орто Азия ЭКОСОсу, Орто Азия суу чарбасы Соода комиссариатынын өкүлү, Союздун почта жана телеграф Эл комиссариатынын өкүлү ж.у.с., үчүнчү жактан, СССРге үчилтик баш ийүүнүн абалында калгандыгыбызга алып келди. Республиканын мындай үчилтик баш ийиши, иштин тажрыйбасы көрсөткөндөй, Кыргызстандын чарбалык-маданий милдеттерин чечүүдө өтө терс таасирин тийгизүүдө, демек, кедергилик кылуучу элемент болуп эсептелет»,- деп жазат. Бул маселени көтөрүү менен ал эң башкы маселени – Кыргыз АССРин союздук республикага айландырууну – көздөгөн. Катта жазгандай: «Маселенин башкы чечилиши, атап айтканда, Кыргыз АССРин союздук республикага кайра түзүүдө калган». Жусуптун бул аракети ал Ата мекенинен алыс жүргөндө 1936-ж. декабрда ишке ашып, көп өтпөй эле камалып, аракетинин жемишин көрө алган жок.

Жусуптун кыргыз эли үчүн кылган эң чоң эмгеги – өз элин 30-жылдарда Украина, Казакстандай кылбай, ачарчылыктан сактап калганындыгы. Бул жылдары СССРде нан тартыш болуп, ачарчылык каптаган. 1931-ж. 12-февралда Жусуп күндөлүгүнө минтип жазган: “Жаз айынан баштап абал дагы оорлошу анык, анткени көпчүлүк дыйкандар үрөнсүз калышты, көпчүлүгү саап ичип отурган жалгыз уюнан айрылды, пахтанын планынын толтуруу зомбулугунда жамынган жууркандарынан ажырайт” [4: 123]. Ал айткандай эле 1931-жылдан тарта дан эгин тартыштыгы

башталган. Борбордун саясатын кыңк этпестен аткарган Казакстан бул жылдары ачарчылыктын капшабына кабылып, эли кырыла баштаган. Кыргызстанда да Казакстандай абал түзүлгөн. Бирок жыйнаган буудайдын бардыгын борборго ташып кетүүгө Жусуп караманча каршы чыккан. Ачарчылык республиканы каптай баштаганда, кол тийгис бөлүктөгү эгинден калкка таратып берүү жоопкерчилигин өз мойнуна алган, «Республикадагы абалды Казакстандын деңгээлине жеткиргенге караганда, дан эгиндерин жыйноо боюнча планды аткарбай койдуңар деп бизди кызматтан алганы жакшы эмеспи», - деген. «Элим ачарчылыктан кырылгандан көрө, мен кызматтан кеткеним оң» дегени ар бир эле адамдын колунан келе бербесе керек.

Кыргызстан 1932-ж. мамлекеттик дан даярдоо планды аткара алган эмес. Натыйжада, 1933-ж. 13-майда ВКП (б)нын Борбордук Контролдук Комиссиясы «Кыргызстанда данды чачып жок кылуу жана уурдоо жөнүндө» атайын токтом кабыл алган. Көп өтпөй эле сентябрда ВКП(б) БКынын Кыргыз партиялык уюму жөнүндө маселени караган жыйында Ж. Абрахманов кызматынан четтетилген. 14-октябрда партиянын катарынан чыгарылып, Кыргызстан үчүн кооптуу адам катары республикадан сыртка чыгарылган. Мамлекеттик чоң кызматын, курмандык кылып, жалпы элин ачарчылыктан сактап, кыргыз элин 1916-ж. Үркүндөн кийинки экинчи жолу кырылып, жок болуп кетүү коркунучунан алып калган.

1933-ж. аягында Орто Волга (Самара ш.) [3: 18] крайлык Жер бөлүмүнүн мал чарба башкармасынын башчысынын орун басары, 1935-ж. ушундай эле кызматта Оренбург областында иштеген. 1934-1937-жж. Сталинге 4 жолу, ВКП (б) БКнын алдындагы КПКга эки жолу партиялуулугун калыбына келтирүүнү сурап кайрылган. Бирок оңдуу жооп алган эмес. Тескерисинче, 1937-ж. 4-апрелде НКВДнын Оренбург башкармасы тарабынан контрреволюциялык троцкийлик уюмга катышы бар деген жалаа менен камакка алынган. Ал жерден Фрунзеге алып келишкен. 1938-ж. 4-ноябрда СССР Жогорку Сотунун аскер коллегиясынын [2: 21] атынан Совет бийлигин кулатууну, Кыргызстанды СССРден бөлүүнү жана Англияга багыт алган буржуазиялык-улутчулдук мамлекет түзүүнү максат кылып койгон оңчул троцкийчил «Социал-туран партиясы» уюму менен блокто жашаган антисоветтик террорчул диверсиялык-чыккынчылык уюмга таандык экендиги тууралу өкүм угузулуп, өлүм жазасына тартылат. Өкүм ошол түнү, 5-ноябрда аткарылып, сөөгү Чоң-Таштагы кыш чыгаруучу заводдун чуңкуруна 137 адам менен кошо көмүлгөн. Мына, Ж. Абдрахмановдун ары өрнөктүү, ары кайгылуу тагдыры ушундай. Албетте, биз бул чакан макалада Жусуптун бардык аракеттерин, Кыргызстан үчүн жасаган иштерин толук ачып бере албайбыз. Элдин биримдиги, өлкө бүтүндүгү, мамлекеттин көз карансыздыгы үчүн Жусуп Абдрахмановдун күрөшү мамлекет башында тургандар үчүн өрнөк алуучу улуу сабак болот деп ойлойбуз.

**Адабияттар:**

1. Максутов Б. Кыргызстандын жетекчилери жана баатырлары. -Бишкек: Турар, 2010. - 262 б.
2. Мусаев С. Инсан жана тарых. - Каракол, 2002. - 67 б.
3. Карасаев К. Замандаштарым жөнүндө. -Бишкек, 2004. -121 б.
4. Абдрахманов Ю. Тандалган чыгармалар /Түзүүчүлөр: Жунушалиев Ж. Ж., Семенов И. Е. -Бишкек, 2012. 300 б.
5. https://ky.wikipedia.org/wiki/Жусуп_Абдрахманов